| | | | |
|---|---|---|---|
| | | маалыматтарды чечмелейт.<br>5.5. **Маалыматтык-аналитикалык кызматтын** (БББМС) **жетекчиси** өз учурунда окуу процессин уюштурууда керектүү маалыматтарды киргизип турат, окуу процессинин жүрүшүндө маалыматтарды толуктайт, окучулардын жеке жетишкендиктерин эске алуу менен маанилүү маалыматтарды учурунда берип турат. | |
| 1.6 | Кызыкдар тараптарды тартуу менен чечимдерди кабыл алуунун жана тиешелүү оңдоолорду киргизүүнүн колдонуудагы механизмдеринин болушу. | Мектептин стратегиялык өнүгүүсүнө тиешелүү чечимдер директор алдындагы кенешме менен педкеңеште каралат, ата-энелер комитетинин сунушу менен директор тарабынан бекитилет.<br>Ар жылы жылдын жыйынтыктарын эске алуу менен , ошондой эле өздүк баалоонун жүргүзүлгөн мониторингине ылайык сыртки кызыктар тарап болгон окуучулардын, ата-энелердин, жогорку окуу жайлардын, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын, райондук билим берүү бөлүмүнүн сунуштарын, талаптарын, керектөөлөрүн эске алуу менен стратегиялык планга детализация жүргүзүлүп кошумча иш пландар киргизилет.<br>**«Ата-энелер комитети жөнүндөгү»** Жобого ылайык жалпы ата-энелер арасынан тандалган 7 адамдан турган ата-энелер комитетинин курамы түзүлгөн. Комитеттин төрагасы Бекназаров Аббаз, катчысы Карабаева А. Ата-энелер комитетинин мүчөлөрүнүн арасында милдеттер бөлүштүрүлгөн. Окуу жыл ичинде пландуу 2 жолу жалпы ата-энелер жыйналышы өтүп, жыйынтыгы протоколдо белгиленет. Ошондой эле ата-энелер комитети, класстык ата-энелер комитеттери менен биргеликте мектептин ишмердүүлүгүнө байланышкан көптөгөн маселелерди, атап айтканда 1-4-класстардын окуучуларын ыссык тамакка өткөрүүдө, материалдык-техникалык базаны чыңдоодо, окуучулардын коопсуздугун камсыз кылуу максатында мектеп күзөтчүсүн уюштурууда көмөк көрсөтүштү.<br>Ата-энелердин суроо-талаптары боюнча **«Жалпы билим берүүчү уюмдарда кошумча билим берүү кызматтары жөнүндөгү»** Жобого | 18-тиркеме Башкаруунун уюштуруу түзүмү (схемасы),<br>19-тиркеме<br>Камкордук кеңешинин уставы тиркелет<br>Ата-энелер чогулушунун протоколдору |